1317 б

31

Молдо Кылыч

„Зар заман"

II экз.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 31.
157 стр. 15/IV.81
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе



## КЫСАЙЫ ЗАР ЗАМАН

Байкасаңыз сөзүмдү,
Куру бекер чарчатып,
Көп убара кылбагын,
Зар заманды карасаң,
Санды тимен сөзү бар,
Жакшы байкап кулак сал,
Шарияттын изи бар.
Бейли бузук адамдан,
Нече түркүн киши бар.
Акын деген такалбай,
Айтуу менен иши бар,
Мындан башка сиздерге,
Бөлөк айтар неси бар.
Акын адам биледи,
Ар немени сүйлөсө,
Куюлушуп келеди.
Коонүндөгү немедей,
Барын айтып берейин,
Кужулдабай отурсаң,
Как ушуну сүйөдү.
Сүйлө тилим сүйлөгүн,
Көөнүңүздү бөлбөгүн.
Кызганда зар заман,
Кумурскадай делдегүн.
Кызыл тилим такалбай,
Теги менден көрбөгүн.

Жалган болсо сөзүмө,
Айтканыма көнбөгүн.
Кагазынан билалбай,
Калет кылып жүрбөгүн.
Молдо Кылыч мен атым,
Болот калам дабатым,
Чала чыккан башынан,
Чаар китептен сабатым.
Жүрө-жүрө арбыды,
Казал жазып кагазым.
Калайыкка билинип,
Катка түштү авазым.
Окуп көргөн моллалар,
Жакшы байкап карасын,
Этек - жеңи жайылган,
Эли- журтум сарбагыш,
Ошончолук көп журттан,
Акын чыккан мен жалгыз.
Сүйлөгөнүм ырасбы,
Сөзүмдү айып кылбаңыз.
Темир болот, Мадырбек,
Үчүкөдөн таралды
Күлдү Тынай баарысы,
Сарбагыштын ураны.
Ушуу кезде замана,
Эр Шабдандын убагы.
Кийинки сөз калса,
Каныып жүрсүн кулагы.

Кагазынан окуса,
Кудай үчүн моллалар,
Кылар мекен дуваны,
Көп алдына сүйлөйүн,
Көргөнүмдүн баарысын,
Санат кылып зарлаймын,
Билгенимди кагазга,
Бир-бирине жалгаймын.
Эп келтирип улаймын,
Оболунда жалынып
Сыйынамыз кудайга.
Тирүү турсам зар заман,
Сөзүм кетер далайга.
Насыйхатты сүйлөсө,
Акыл Менен абайла.
Убадаңды кетирбе,
Үйүңдөгү малайга.
Сүйлөп  сөзүм түгөнбөс,
Байкап турсаң ар башка,
Бир-бирине кошулбас.
Мойнун толгой баскандар
Ата тилин албасаң,
Жакшылыкка жарбайсың
Жарык болуп жүрүңүз
Акыретке барбайсың
Ата тилин алгандан,
Жаман болуп калбайсың.
Бейли жаман капырлар,
Беш намазды окубас,

Жанга келген өлүмден,
Жан - жаныбар кутулбас.
Ыкыбалдуу жакшылар,
Бересеге басылбас.
Бейли кенен болгон соң,
Берекесин качырбас.
Дүнүйөкор байларын,
Тамагынан татырбас.
Жардам болуп жанына,
Жалгыз адам отурбас.
Ол өңдөнгөн капырлар,
Жаанамдан кутулбас.
Дини катуу бенделер,
Мусулманга кошулбас.
Бу сөзүмдүн аягын,
Болжол кылып абайлап,
Жакшы байкап карагын.
Айтып бердим билгизип,
Ар немени баянын.
Жарымаганын билгизгин,
Жардылардын жаманын,
Бар болсо да куну жок,
Байлардын жаманын.
Барын айтып берейин.
Зейректигиң жок болсо,
Сексендеги чалдайсың.
Өз акылыңд эп көрсөң,
Сөзгө кулак салбасың.